| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

# ТОКТОМ

2023-жыл, 14-апрель № 115/28-XXVIII Ленин а.

## ЖЧК " Кара Суу Арго " № 932-Э каттамынын тарифин бекитүү жөнүндө

"Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27, 33, 34, 39-беренелерине ылайык, "Автомобиль транспорту жөнүндө" Мыйзамдын 11-беренеге ылайык жүргүнчү транспортунун туруктуу иштөөсүн, Ленин айыл аймагынын тургундарын, Кыргыз Республикасынын тургундарын, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарды үзгүлтүксүз ташууну камсыз кылуу максатында, "Кара Суу Арго" ЖЧК фирмасынын директорунун 932-Э маршруттук каттамды кайра жандандыруу жана жол кире тарифин 50 сомго чейин жогорулатуу жөнүндө арызынын негизинде ("Ак–Жол" ОПК бажы пунктунан "Чыгыш автобекети" акыркы аялдамасына чейин), Ленин айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлигинин атаандаштыкты өнүктүрүү департаментинин Түндүк региондор аралык башкармалыгы тарабынан бекитилген № 932-Э экспресс-каттамынын 10.10.2012-жылы бекитилген Баштапкы тарифин өзгөртүүсүз калтыруу – 40 сом.

**2.** № 932-Е Экспресс-каттамынын жүрүү тарифи бекитилсин ("Ак – Жол" ОПК бажы пунктунан "Чыгыш автобекети" акыркы аялдамасына чейин) – 40 сом.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

Ленин айылдык
кеңешинин төрагасы Ж.К.Танабаев